*УДК:354.6:053.8(575,2)*

*DOI: 10.35254/bhu/16948386_2021_56_57_32*

***Ниязалиева К. Р.,***
*К. Карасаев атындагы БМУ*

# КЫРГЫЗСТАНДАГЫ КАРЫ АДАМДАРДЫН СОЦИАЛДЫК-ЭКОНОМИКАЛЫК АБАЛЫ

***Кыскача мазмуну***

*Бүгүнкү күндө коомдогу карыялардын ордун ар тараптуу кароого болот. Мамлекеттибиздин калыптанышына, өнүгүүсүнө, келечек муунду тарбиялап өстүрүүгө зор салым кошуп келген кары адамдарыбызга коом жана мамлекет кандай көңүл буруууда. Карыяларыбызга кандай социалдык шарттар түзүлгөн жана кандай мүмкүнчүлүктөр каралган. Ааламдашуу мезгилиндеги ар кандай таасир берген факторлордун алкагындай карыяларга түзүлгөн социалдык-экономикалык шарттардан да, аларга болгон жеке мамилелердин, камкордуктун жетишсиздиги өсүүдө. Дүйнөдөгү оорулардын түрлөрүнүн өсүшү жана кеңейиши өмүрлөрдүн кыскарышына алып келип, карылыкка жетүү көйгөйүн жогорулаты. Кары адамдарга белгиленген милдеттүү төлөнүүчү пенсияны ыйгарууда да көптөгөн маселелер бар. Карыларды социалдык коргоо жана социалдык камсыздандыруу системасы да тоук канаатандырбайт. Кары адамдардын ден соолугуна болгон мамлекеттик кепилдиктерди да толук колдоно алышпай келишет. Натыйжада кары адамдар менен өздөрү жалгыздыктакалышууда. Барлашуу көйгөйү жогору.*

***Түйүндүү сөздөр:*** *карыя, кары адамдарды социалдык коргоо, камсыздандыруу, пенсиялык камсыздандыруу, мамлекеттик камкордук, баарлашуу, жалгыздык.*

# СОЦИАЛЬНО-ЭКОНОМИЧЕСКОЕ ПОЛОЖЕНИЕ ПОЖИЛЫХ ЛЮДЕЙ В КЫРГЫЗСТАНЕ

***Аннотация***

*Роль пожилых людей в современном обществе можно рассматривать по-разному. Как общество и государство обращают внимание на наших пожилых людей, которые внесли весомый вклад в становлении и развитии нашей страны, в образование и воспитание будущих поколений. Какие социальные условия и возможности предоставляются нашим пожилым людям. Отсутствие личных отношений и ухода за пожилыми людьми растет, а также социально-экономические условия, создаваемые для пожилых людей, как часть различных факторов влияния в эпоху глобализации. Рост и распространение различных заболеваний в мире приведет к сокращению продолжительности жизни и усугубит проблему старости. Также много проблем с выплатой обязательной пенсии пожилым людям. Неудовлетворительна и система социальной защиты и социального страхования пожилых людей. Также они не в полной мере используют государственные гарантии здоровья пожилых людей. В результате они остаются наедине с самим собой. Проблема общения высока.*

***Ключевые слова:*** *пожилой человек, социальная защита и страхование пожилых людей, пенсионное страхование, государственная забота, общение, одиночество.*

# SOCIAL AND ECONOMIC SITUATION OF ELDERLY PEOPLE IN KYRGYZSTAN

*Abstract*

*The role of elderly people in modern society can be viewed in different ways. As society and the state pay attention to our elderly people, who have made a significant contribution to the formation and development of our country, in education and upbringing of future generations. What social conditions and opportunities are provided to our elderly people. Lack of personal relationships and care for elderly people is on the rise, and the socio-economic conditions created for older people are growing as part of various influences in the era of globalization. The growth and spread of various diseases in the world will lead to a reduction in life expectancy and exacerbate the problem of old age. There are also many problems with the payment of compulsory pensions to the elderly. The system of social protection and social insurance of the elderly is also unsatisfactory. They also do not make full use of the state guarantees of the health of the elderly. As a result, they are left alone with themselves. The communication problem is high.*

***Keywords:*** *an old man, social protection and insurance for the elderly people, pension insurance, state protection, communication, loneliness.*

Карыя болуу, карыялык бир топ улуу жашка жетүү — бул кудайдын берген чоң белеги, бакыт катары баалоого болот. Карыялык жашка жетүү баардык эле адамдарга буйрулган эмес экендигин көрүп, билип эле жүрүбүз.

Карыялык — адамга алдыга койгон максаттарды ишке ашырууга, коомдо өз оордун табууга жана ага зор пайда алып келүүгө түзүлгөн мүмкүнчүлүк катары кароого болот.

Карыя– көп убакыт мезгил жашап өткөргөн, турмушунда жашоонун көптөгөн сыноолорун башынан өткөрүп, кагылып, согулуп, чыйралып, тажрыйба топтоо менен, ошол эле мезгилде, коомдун негизги мүчөсү катары, коомдун калыптанышына, өнүгүшүнө өзүнүн көптөгөн салымын кошуу менен коомдо өзүнүн татыктуу оордун ээлеген адам.

Ошондой эле, карыя — бул, бекем, бактылуу үй-бүлө түзүү менен тарбиялуу, татыктуу балдарды тарбиялап, анын сыйын көрүүгө жетишкен, талыкпаган эмгектенүү менен көптөгөн ийгиликтерди жаратып, коомдо өз оордун тапкан, өмүр жашоосунда алдына койгон максаттарын ишке ашырууга жетишкен кадыр-барктуу адам.

Кадырлуу карыялыкка, адам өмүр жашоосунда өзүнүн аракетинин, мээнетинин аркасында көптөгөн ийгиликтерди жаратуу менен жетет. Андай карыялар аксакал аталып, дайыма кадыр-сыйга татып, оорду жогору жагында болуп, акыл-кеңешчи, багытоочу, ошол эле мезгилде башкаруучу да болгон.

Инсандын негизги милдети жакшы тарбия алуу, аракет-мээнеттенүү, изденүү, үй-бүлө куруу, уул-кыз, келечек муунду тарбиялоо, эмгектенүү менен коомдун өнүгүшүнө салым кошуу жана топтогон тажрыйбасын келечек муунга, коомго таратуу болуп эсептелинет.

Карыялар, адамдын өмүр жашоосундагы бул көрсөтүлгөн баардык этаптарды басып өткөн, кийинки муунга кеңешчи милдетин аткарып турган инсан катары кароого болот.

Бүткүл дүйнөлүк саламаттык сактоо уюмдунун классификациясына ылайык, кары адамдарга 60 жаштан 74 жашка чейин адамдар кирсе, карыя адамдарга70 жаштан 90 жашка чейинки адамдар кирет. Ал эми, узак жашаган адамдарды 90 жаштан жогорку жаштагы адамдар түзөт [3, 4-б.].

Кыргыз элибизде карыянын оорду эң жогоруда турган. Карыялар акылмандыгы, көсөмдүгү, нарк-насили менен элге таанылып, кадыр-баркка татып, аксакал аталышкан. Аксакалдык кадыр-баркка акылман, көсөм, көрөгөч карылар татыктуу болгон.Андыктан элдеги баардык маселерди кадыр-барктуу аксакалдардын кеңеши чечип келишкен. Маселелер баардык жагынан терең талданып каралгандан кийин гана чечим кабыл алынган. Карыялардын чечкен чечими — урууда акыркы жана аткарууга милдеттүү болгон.

Кыргызда, карылардын оордун сүрөттөй турган болсок, “Карысы бардын –ырысы бар”- деп карыяларын сыйлап, сөзүнө калак салып, шарттуу түрдө алардын айткандарын аткаруу болсо, “Кары келсе — ашка”- деп төргө олтургузуу, сый-урмат көрсөтүпкадырлоо орто муундун жана жаштардык негизги милдеттерине кирген.

“Элүү жылда- эл жаңы, жүз жылда-жер жаңы” — дегендей ар кандай таасир берген (маданияттардын аралашы, диний көз караштардын өзгөрүшү, мыйзамдык ченемдердин күчтөнүшү, баалуулуктардын жоголушу ж.б.) факторлордун негизинде коом өзүнүн алгачкы баалуулуктарынан бир топ өзгөртүп, каада-салттык, диний ченемдерден укук-тук- мыйзамдык чекке өтүп, жаңы түзүлүшкө ээ болду.

Каада-салттык талаптардагы карыялардын жогорку оорду акырындап төмөндөп, бүгүнкү заманда карыялар жардамга муктаж катмарларды түзүп, атайын кам көрүү маанилүүлүгү чыкты жана бул милдетти мамлеткет өзүнө алууда.

Карыяларыбыздын азыркы абалына токтоло турган болсок мурункуга салыштырмалуу бир кыйла өзгөргөн. Кары адамдардын социалдык абалын талдоодо, бүгүнкү күндө, өлкөдө карыя адамдар канчалык деңгээлде өзүнүн социалдык абалына ыраазы же болбосо аларга кандай шарттар түзүлгөндүгүнө токтолууга туура келет.

Карыя бул узак жашап, көптү көрүп, ийгиликтерге жетишкен адам. Мурунку мезгилдерге салыштырмалуу адамдардын өмүрүнүн узактыгы бир топ жогорулады деп айтып келгенибиз менен мамлекеттик статистикалык комитетинин маалыматына таяна турган болсок, 2020-жылга карата адамдардын өмүр сүрүү узактыгы: эркектердики –67 жаш болсо, аялдардыкы — 76 жаш, ал эми жалпы калктын санына карата өмүр сүрүүнүн орточо узактыгы –71 жаш [7, 1-б.].белгиленген.

Бүгүнкү ааламдашуу мезгилиндеги медицина илиминин жетишкендиктерине жана башка өлкөлөрдүн өмүрүнүн узактыгына салыштырмалуу бул белгиленген жаш анчалык канаатандыра бербейт жана төмөндөгөндүгүн белгилөөгө болот.

Кары адамдардын сандык көрсөткүчүнө карап көрө турган болсок, өлкөдө калктын жалпы саны 2021-жылга карата — 6636,8 адамды түзсө, туруктуу калтын саны — 3294,1 адамды түзөт(1-сүрөт). Карыя адамдардын саны өлкөдөгү жалпы туруктуу калктын санына карата 16 пайызын, ал эми ар бир экономикада иштеген адамдардын санына карата 3 пенсионер [5, 1-б.] туура келет. Калктын 1000 адамга туура келген пенсионерлердин саны 111.




1-сүрөт. Кыргыз Респурсбликасындагы 50-жаштан догорку адамдардын 2021-жылга сандык көрсөткүчү (Мамлекеттик статистикалык көмитетинин маалыматынын негизинде түзүлгөн) [9, 1-б.].

Бириккен улуттар уюмунун белгилеген түзүмүнө таяна турган болсок, кары адамдардын саны жалпы калктын санынын 4 пайзынан төмөн болсо, анда ал өлкө жаш өлкөдеп эсептелинет, ал эми, кары адамдардын саны жалпы калктын санынын 4 пайыздан 7 пайызын түзсө, ал өлкө карып бара жаткан өлкө болуп эсепттелинет. Эгерде калктын жалпы санынан кары адамдардын саны 7 пайыздан жогору болсо анда, ал өлкө карып калган өлкөболуп эсептелинет [3, 18-б.].

Биздин өлкөнүнбул көрсөткүчүн карап көрө турган болсок,2021-жылга карата жалпы калктын саны – 66368 адам болсо, кары адамдардын саны507 49адамды түзүп, 7,6 пайызына тура келет [6, 138-б.]. Демек биздин өлкө карып калган өлкөлөрдүн катарына кирүүдө.

Бул абал биздин жакынкы өлкөлөргө (2019 жылдын көрсөткүчүнө таяна турган болсок, Арменияда – 11,9 пайыз, Беларустарда – 15,2 пайыз) салыштырмалуу бир кыйла төмөн болсо да, бул багытта мамлекеттик саясатты жандандыруу милдеттин жүктөйт.

Бириккен улуттар уюмунун эсептөөлөрү боюнча Кыргызстанда кары адамдардын санынын 7 пайыздан өсүшү - 2030 жылдарга туура келет деп эсептешсе, бул көрсөткүч 2021-жылы эле белгиленгенди. Бул көрсөткүч, мамлекеттин өлкөдө демографиялык саясатты тездик менен күчөтүү талабын коюуда.


Мамлекет карыяларына кандай шарттарды түзүүгө жетишти жана анда кандай жетишкендиктер менен кемчиликтер камтылган.

Мамлекет өзүнүн ар бир жаранын эркин жашоосун, коопсуздугун, жана анын келечегин кепилдике алат. Өзгөчө экономикалык активдүү калкынын, анын кошкон салымына карата милдетүү кайтарымдуу камсыздандырууну уюштурушу керек. Бул катмарды карыялар түзөт.Карылар өз өлкөсүнө ар тараптуу салым кошуп койгон жана ошол эле мезгилде колдоого татыктуу катмарга кирет. Мамлекеттин өз өлкөсүндөгү кары адамдарына болгон негизги социалдык кепилдиги катары бул пенсия эсептелинет.

Пенсия – мамлекет тарабынан, атайын фондун бюджетинен туруктуу айына акчалай төлөнүп туруучу жөлөк пул. Пенсия - жаш курагы жеткен; майыптыгы боюнча; камкорчу адамын жоготкондорого чегерилет [4, 7871-б.].

Кары адамдарга эмгек стажы толук, жаш курагы боюнча пенсия туура келет. “Мамлекеттик пенсиялык камсыздандыруу” мыйзамына ылайык курагы боюнча пенсияга: эркектер - 67 жашынан, аялдар - 58 жашынанчыга алышат. Бирок айырым жарандар пенсияга жаш курагынан эртерээк (эркектер – 60 жашынан, аялдар - 50 жашынан) [8, 5-б.] чыга алышат. Аларга оор жана катаал шарттарда иштегендер; тоолуу аймактарда же жогорку чекте жашагандар; 5 же андан көп балалуу аялдар кирет.

Мамлекет тарабынан төлөнүүчү пенсиянын көлөмүнө токтоло турган болсок, пенсиянын орточо көлөмү, пенсионерлердин жашоо минимумунан жогору болгон менен, эң төмөнкү пенсиянын көлөмү, жашоо минимумуна салыштырмалуу 7 эсе төмөн (2-сүрөт).




2-сүрөт. Пенсия алуу көрсөткүчү. (Мамлекеттик статистикалык көмитетинин маалыматынын негизинде түзүлгөн).

Пенсия бүгүнкү күндө, жарандардын келечектеги өзүнө карылыгына кам көрүү катары каралап келет[1, 148-б.].

Мамлекеттик бюджеттин тартыштыгынан, пенсионерлердин жашоо минимумун кандайдыр бир деңгээлде реалдуу түзгөнгө аракет кылганы менен, эң төмөнкү пенсиянын көлөмүн жогорулатууга жетише албай жатат. Андыктан, өлкөдө пенсияны жашоо минимумунан төмөн алган жарандардын сандык көрсөткүчү да кыйла жогору.

Бул көйгөй, кары адамдар балдарынын толук карамагында болуп, алардын камкордугунда тургандыктан, тартыштык анчалык сезилбей калгандай болууда. Кары адамдардын негизги муктаждыктарын балдары каржылап келүүдө. Ал эми балдары, багаркөрөрүү жок пенсионерлерде бул көйгөй өтө курч абалда.

Ошондой эле, пенсияны чегерүүдө да көптөгөн каралуучу көйгөйлөр бар. Мисалы, ооруканаларда 25–30 жыл эмгек стажы бар техникалык кызматкер (санитарка) пенсияга аз эле өлчөмдө чыгышат. Себеби, эмгек маянасы төмөн болгондуктан, социалдык фондко чегерилген пайызы да төмөн болуп, натыйжада ага аз пенсия белгиленет. Мыйзамдын алкагында карап көрө турган болсок, бул туура, бирок, алар, өзгөчө техникалык кызматкерлер иштеген жеринде негизги оор иштерди аткарышат жана маянасы да аз. Алар пенсияга чыкканда да төмөн пенсия чегерилет. Алардын абалын социалдык жактан алып караганда, дайыма жардамга муктаж адамдардын катарына кирип калышат.

Андыктан пенсия курагындагы адамдар кайрадан эле эмгектенүүгө туура келет.Биринчиден, алар дагы эле эмгектенүүгө жөндөмдүү, экономикалык активдүү жарандар болсо, экинчиден, жашоо деңгээлинин төмөндүгү тартыштыкты жаратып, иштөөгө аргасыз кылат.

Социалдык фонддун маалыматы боюнча 2019-жылы иштеген пенсионерлердин саны 9 пайызды [5, 39-б.] түзгөн. Пенсия курагындагы адамдар негизинен айыл чарбасында жана үй чарбасында төлөмсүз эмгектенишет. Пенсия курагындагы иштеген адамдардын басымдуу бөлүгүн 50 жаштан 70 жашка чейтинки адамдар түзөт. Андан жогорку жаштагы иштеген адамдардын саны да белгиленген.

Мамлекет тарабынан кары адамдардын ден соолугуна кам көрүү максатында бир топ жеңилдиктер каралган. Өлкөнүн баардык мамлекеттик ооруканаларда, поликлиникаларында, үй-бүлөлүк борборлордо даарылануу бекер жүргүзүлүп, ооруусу боюнча каттоoодо турган кары адамдарга дары-дармектер бекер же жеңилдиктер каралган. Бул мыйзамдарда каралган жеңилдик шарттары.

Ал эми чыныгы жашоодо, ооруканаларда даарылануу үчүн кезек күтүү, же толук сакайып бутунан тура электе эле андан чыгууга туура келиши, даарылардын жетишсиздиги көйгөйү бүгүнкү күндө өтө актуалдуу. Айрым учурда, карыяларды карып калган адам катары дарылоодо өзгөчө көңүл бурулбай калышы, бул бүгүнкү күндүн чындыгы.

Карыяларга коомчулук тарабынан социалдык мамилер кантип калыптанып жатат.

Экономикалык талаптардын жогорулашы жана катаалдашы, экономикалык активдүү калктын карыяларга болгон мамилелерди бир кыйла салкындаты. Ички жана тышкы миграциялык кыймылдын күчөшү бул абалды курчутту. Төрдө сый көрүп отура турган карыяларыбыз, кадимкидей эле үй-бүлөсүн багуу үчүн милдеттү түрдө иштеп, же болбосо небере-чөбөрөлөрүн багып, үй тиричилигине жардам берип дагы эле активдүү эмгектенүүдө. Кары адамдардын башка өлкөлөргө иштөөгө кетип жаткан балдары, небелерин аларга багууга, кам көрүүгө күч менен эле таштап кетип жаткандай. Бул, алардын ден соолугунун тез карышына, өмүрүнүн кыскарышына алып келүүдө.

Баарынан жаманы, өздөрүн багып чоңойткон, ушул даражага жеткирген ата-энелерин карыялар үйүнө тапшырып коюусу зээнди кейитет.Ал гана эмес, карыялар үйүндөгү атасы же энесинин пенсияларын кадимкидей эле алып кетишкениин кандай деп айтууга болот. Жакын адамыңа кам көрүү эмес, акчанын маанилүүлүгү жогорку оорунга чыкты.

Коом бир топ жашка чыгып, карып калган адамдарды алсыз, эч пайдасы жок жүк катары карай баштагандай, алардын салымы такыр эле болбогондой. Бул коомдук аң-сезимдин туура эмес нукка бузулушун чагылдырат.

Дагы бир карыялар ортосундагы орчундуу көйгөй болуп баарлашуунун кыскарышы же жоголгондугу. Шаарда эле эмес, айыл жеринде деле азыр карыялардын чогулуп суйлөшуп, баарлашып отурганын көрүү сейрек кездешип калды. Карылар чоң заңгырагын үйлөрдө капастагыдай эле отурушат. Мурункудай эшиктер ачык эмес, кирип чыккан коңушу колоңдордо аз, же сырттан эле шашып ке-

тишет. Иштен чарчап келген балдары 1–1,5 саат убакыт бөлүп коюшса –бул чоң бакыт. Небелери өздөрү менен, же телефон менен алек, натыйжада аларга көңүл буруу жокко эсе. Андыктан ийгиктүү үй-бүлөлөрдөн да кары адамдар карыялар үйүнө кетүүнү каалагандыгын билдиришкен.Бул табигый муктаждыктан келип чыгууда.

Андыктан өлкөдө карыялар үчүн күндүзү болуучу баарлашуу үчүн чайхана сыяктуу, дени соолугун да чыңдаганга, эс алганга баардык шарты бар, даарыгери менен, атайын жерлерди ачуу талабы жогору.

Ал эми, дүйнөлүк коомдо болуп жаткан пандемия көйгөйүү өмүр сүрүү узактыгын, карыялык жашка жетүүнү бир топ эле татаалдаштырды десек болот.

«Карыялар –биздин ырысыбыз»- дегендей биз аларга болгон мамилелебизди оңдобосок келечекте кайсы тарапка бара жатканыбыз күмөн. Андыктан мамлдекет тарабынан да бул багытта көптөгөн программаларды, иш-чаралары иштеп чыгуусу маанилүү болсо, коомчулук тараптан да карыяларга болгон көз караштары жакшыртууга жана ага активдүү катышуусу керек.

Жогоруда айтылгандарды жыйынтыктап келип төмөнкүлөргө толктолууга туура келет:

- Кары адамдардын аялдар менен эркектерин өмүр сүрүү узактыгыда айрымачылык жогору. Эркектердин абалын жакшыртуу, иш менен камсыздоо менен үй-бүлөсүн кенен багуу, аң-сезимдик туруктуулукка жетишүүгө, жаңы абалдарга, шарттарга ыйгалашуусун жогорулатуу мүмүкүнчүлүктүрүн караган атайын мамлекеттик программаларды иштеп чыгуу керек;
- Пенсиянын төмөнкү көлөмүн пенсионерлердин жашоо минимумунан жогорулатууга жетишүү;
- Пенсиянын эсептеп чегерүүнү жарандан иштеген ишинин өзгөчөлүктөрүнө карата белгилөөнү өнүктүрүү;
- Жардамга муктаж кары адамдарды толук камтууга социалдык кызматтардын сапатын жогорулатуу;
- Активдүү пенсия курагындагы адамдарды социалдык кызматтарга активдүү тартуу;
- Кары адамдардынден соолугун чыңдаганга, эс алганга баардык шарты бар, даарыгер жана мед айымы бекитилген, атайын социалдык өз ара баарлашууу борборлорун ачуу.

***Адабияттар***


1. *Жалилова Л., Гапурбаева Ш. «Формирование пенсионной системы в Кыргызской Республике в условиях ЕАЭС на современном этапе» / Л. Жалилова, Ш. Гапурбаева // Вестник Бишкекского государственного университета им.К.Карасаева.— 2021.— № 1(55).— 148 с.*
2. *Здоровье населения и здравоохранение в Кыргызской Республике. Статистический сборник.— Бишкек, 2020.— 132 с.*
3. *Пожилые люди в Кыргызской Республике. Отчет статистического исследования 2017.— Бишкек, 2019.— 211 с.*
4. *Социальная политика: учебник [под ред. И. А. Волгина] 4-е изд.— Москва, 2008.— 213 с.*
5. *Уровень жизни населения Кыргызской Республики (2015–2019 гг.).— 2020.— 128 с.*
6. *30 лет независимости Кыргызской Республики. Цифры и факты.— Бишкек, 2021.— 98 с.*
7. *URL:https://mkk.gov.kg (дата обращения: 10.09.2021).*
8. *URL:http://socfond.kg(дата обращения: 12.09.2021).*
9. *URL:http://www.stat.kg/stat.files/din.files/census/5010001.pd (дата обращения: 15.09.2021).*